КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ТҮП РАЙОНУ
ТҮП АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКИ
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТЮПСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ ТЮПСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Түп айылдык кенешинин XXVIII-чакырылышынын XXI-сессиясынын**

**ТОКТОМУ**

**26-апрель 2023-жыл № 162** **Түп айылы**

**"Түп айыл аймагындагы жеке менчик турак жай курууга берилген жер тилкелеринин аянтын аныктоо жөнүндө"**

Кыргыз Республикасынын 1999-жылдын 2-июнундагы №45 Жер кодексинин 18-беренесинин 3-пунктуна ылайык, Кыргыз Республикасынын жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү мыйзамында көрсөтүлгөндөй Айыл аймактын, жергиликтүү кеңештин компетенциясынын 34-беренесине ылайык, Түп айыл аймагынын, айыл өкмөтүнүн токтом жана чечимдери менен үй куруу үчүн берилип кеткен жер тилкелеринин аянты төмөндөгүдөй белгиленсин:

1.1991-жылдан 2005-жылга чейин Түп айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн чечими менен турак жай куруу үчүн берилген жер тилкелеринин аянты 0,30 га деп аныкталсын.

2. 2005-жылдан 2022- жылдарга чейин Түп айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн чечими менен турак жай куруу үчүн берилген жер тилкелеринин аянты 0,20- 0,25га деп аныкталсын.

3. 2023-жылдан баштап, Түп айыл аймагында жеке менчик турак жай куруу үчүн жер тилкелеринин аянты 0,07 га деп аныкталсын.

4.Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Түп айылдык кеңешинин жер комиссиясына жана Түп айыл өкмөтүнүн башчысы Чоркозов Э. А. милдеттендирилсин.

**Төрайым** **А. О. Орозбекова**